DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Айжигитов И.Э.*

## ЭТИЯТСЫЗДЫК МЕНЕН ЖАСАЛГАН КЫЛМЫШТАР ҮЧҮН ЖООПКЕРЧИЛИК

*Айжигитов И.Э.*

## ОТВЕТСТВЕННОСТЬ ЗА НЕОСТОРОЖНЫЕ ПРЕСТУПЛЕНИЯ

*I. Aijigitov*

## RESPONSIBILITY FOR NEGLIGENT CRIMES

*УДК: 343.232*

*Макалада этиятсыздык менен жасалган кылмыштар үчүн жоопкерчилик жөнүндө түшүнүк берилген. Күнөөнү теориялык жактан изилдөө түбөлүктүү жана чексиз процесс. Күнөө принцибине конституциялык мүнөз берүү, анын Кылмыш-жаза кодексинде бекемделиши, чындыгында жаңы Кылмыш-жаза кодексинин кабыл алынышы көйгөйлөрдү жаратып, жаңы мыйзамдык негизде күнөөнүн ар кандай аспектилерин теориялык жактан изилдөө зарылдыгын шарттады. Адамдардын турмушуна техниканын кеңири тарашы, коомдун кыймылдашы жана башка бир катар көрүнүштөр кылмыштын бул түрүнө кылдат көңүл бурууну аныктоого тийиш болсо да, этиятсыздык менен жасалган кылмыш – эң аз изилденген криминологиялык көрүнүштөрдүн бири. Илимий-техникалык прогресс этиятсыздыктын мыйзамдык аныктамасын жаңылоо процессин, байкабастыктан жасалган кылмыштар боюнча ченемдерди илимий жактан негизделген системалаштырууда күнөөнүн мазмунун эске алуунун перспективасын социалдык жактан зарыл кылды. Колдонулуп жаткан кылмыш-жаза мыйзамдарында байкабастыктан күнөөлүүлөрдү так жөнгө салуу зарыл; этиятсыздыктан жасалган кылмыштар жөнүндөгү беренелерде санкцияларды унификациялоо; этиятсыздыктан кылмыш жасаган адамдар үчүн жазаны аткаруунун өзгөчө тартибин белгилөө зарыл. Кылмыш-жаза мыйзамдарындагы дээрлик бардык өзгөртүүлөр атайылап жасалган кылмыштарга гана тиешелүү. Ошол эле учурда мыйзам чыгаруучулар кылмыштын квалификациялык белгилерин байкабастыктан кесепеттерге алып келүү менен көбүрөөк байланыштырууда. Бул жалпысынан күнөөнүн эки формасы менен кылмыштарды ажыратуу маселесин көтөрөт. Мындан тышкары, оордотуучу жагдайлардын ортосунда так чек коюлушу керек: кээ бирлери атайылап жасалган кылмышка түздөн-түз тиешелүү болсо, башкалары байкабастыктан кесепеттерге алып келет. Мындай линиянын жок болушу этиятсыздык менен жасалган жосундар үчүн негизсиз жогорку жазаларды пайда кылат.*

***Негизги сөздөр:*** *этиятсыздык, кылмыш, укук, мыйзам, жазага тартуу, сот, күнөө, укук бузуу, доомат, жоопкерчилик, жабырлануучу.*

*В статье разъясняется ответственность за преступления по неосторожности. Теоретическое исследование вины – процесс бесконечный. Придание принципу вины конституционного характера, его закрепление в УК, да и вообще принятие нового УК, породили проблемы и обусловили необходимость теоретических исследований различных аспектов вины на новой законодательной базе. Представляется, что назрела необходимость превратить институт вины на деле в сквозной институт уголовного права, подчиняющий своей внутренней логике другие институты Общей части и нормы Особенной части, в первую очередь - предусматривающие ответственность за совершение преступлений по неосторожности. Научно-технический прогресс социально обусловил необходимость процесса обновления законодательного определения неосторожности, перспективность учета содержания вины при научно обоснованной систематизации норм о неосторожных преступлениях. Требуется четкая регламентация неосторожной вины в действующем уголовном законе; унификация санкций в статьях о неосторожных преступлениях; установление особого порядка исполнения наказания для лиц, совершивших преступления по неосторожности. Почти все изменения уголовного закона касались только умышленных преступлений. Одновременно законодатель всё чаще связывает квалифицирующие признаки преступления с причинением последствий по неосторожности. Это порождает проблему ограничения преступлений с двумя формами вины от совокупности. Кроме того, следует провести четкую грань между отягчающими обстоятельствами: одними непосредственно относимыми к умышленному преступлению, и другими, влекущими последствия по неосторожности. Отсутствие такой грани порождает неоправданно завышенные наказания для неосторожно совершаемых деяний.*

***Ключевые слова:*** *неосторожность, халатность, преступление, право, закон, наказание, суд, вина, правонарушение, претензия, ответственность, жертва.*

*The article explains the liability for crimes due to negligence. The theoretical study of guilt is an eternal and endless process. Giving the principle of guilt a constitutional character, its consolidation in the Criminal Code, and indeed the adoption of a new Criminal Code, gave rise to problems and necessitated theoretical studies of various aspects of guilt on a new legislative basis.It seems that there is a need to turn the institution of guilt in practice into a cross-cutting institution of criminal law, subordinating to its internal logic other institutions of the General Part and the norms of the Special Part, primarily those providing for liability for committing crimes through negligence. Scientific and technological progress has socially necessitated the process of updating the legislative definition of negligence, the prospect of taking into account the content of guilt in a scientifically based systematization of the norms on negligent crimes. A clear regulation of careless guilt in the current criminal law is required; unification of sanctions in articles on negligent crimes; establishment of a special procedure for the execution of punishment for persons who have committed crimes through negligence. Almost all changes in the criminal law concerned only intentional crimes. At the same time, the legislator increasingly associates the qualifying signs of a crime with the infliction of consequences through negligence. This raises the problem of delimiting crimes with two forms of guilt from the totality. In addition, a clear distinction should be drawn between aggravating circumstances: some that are directly attributable to an intentional crime, and others that entail consequences due to negligence. The absence of such a line gives rise to unjustifiably high punishments for carelessly committed acts.*

***Key words:*** *negligence, negligence, crime, law, law, punishment, court, guilt, offense, claim, responsibility, victim.*

Этиятсыз кылмыш – бул өтө татаал, гетерогендүү, жашыруун коомдук коркунучтуу көрүнүш. Жекече этиятсыздык менен жасалган кылмыштар көптөгөн адамдардын курмандыктарына, экологияга орду толгус зыянга, ири материалдык чыгымга алып кели-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



ши мүмкүн. Этиятсыздык менен жасалган кылмыштар атайылап жасалган кылмыштарды «жашырышы» мүмкүн жана бул кылмыштын эмне экенин аныктоо дайыма эле оңой боло бербейт.

Этиятсыздык менен жасалган кылмыштарды статистикалык эсепке алуу өтө татаал, анткени алар кылмыш-жаза мыйзамдарынын ар кандай бөлүмдөрү боюнча чачыранды, ар кандай кылмыш топторунун (адамга каршы, менчикке каршы ж.б.) алкактарына кирген. Мындай кылмыштардын ичинен төрттөн үчү жол кыймылынын коопсуздугун жана эксплуатациялоо эрежелерин бузуу менен жасалган кылмыштар же болбосо мас абалында машина айдаган учурда кырсыкка кабыл болуу.

Биринчи жолу күнөөнүн өз алдынча формасы катары шалаакылык орто кылымдардагы Италиялык доктринада түзүлгөн жана кыйыр ниет түшүнүгүнөн адам алдын ала билбеген психикалык факторлордун мындай айкалышын бөлүп алуунун натыйжасы болгон. Анын этиятсыз жүрүм-турумунун зыяндуу кесепеттерин алдын ала көрө алган. Теориялык жактан алганда, байкабастыктын күнөөнүн өз алдынча формасына бөлүнүшү жана этиятсыздык менен зыян келтиргендиги үчүн жоопкерчиликтин натыйжасын алдын ала көрүү мүмкүнчүлүгүн талап кылуу белгилүү бир прогрессти көрсөттү, анткени бул субъективдүү айыптоо принцибин күчөтүүнү билдирет [1].

Этиятсыздыктан жасалган кылмыш Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси боюнча:

1. Жеңил ойлуулуктан же этиятсыздыктан жасалган укукка каршы аракет же аракетсиздик этиятсыздыктан жасалган кылмыш деп таанылат.

2. Эгерде адам өзүнүн жосунун укукка жат деп баалабаса, этияттык кылуу зарылдыгын сезе билип, бирок залал келтирилиши мүмкүн экендигин алдын ала көрө билгендигине карабастан залал келтирилбейт деп негизсиз үмүт кылса, жеңил ойлуулуктан жасалган кылмыш деп таанылат.

3. Эгерде адам этияттык кылуу зарылдыгына шалаакылык мамиле кылгандыктан, мындай зарылдыкты түшүнбөсө жана залал келтирүү мүмкүндүгүн көрө билбесе, аларды түшүнбөсө жана алдын ала көрө биле албаса, шалаакылыктан жасалган кылмыш деп таанылат.

4. Этияттык кылуу зарылдыгы ченемдик укуктук актылардын талаптары жана (же) башка адамдардын кызыкчылыктары менен шартталышы мүмкүн [2].

Криминологияда этиятсыз менен жасалган кылмыштардын бир нече түрү бар.

1. Техникалык кылмыштык шалаакылык, б.а. техниканы колдонууда коопсуздук эрежелерин бузуу өнөр жайда, курулушта, айыл чарбасында, тиричиликте, аскердик иштерде; жарылуучу, күйүүчү жана пиротехникалык буюмдарды сактоодо, ташууда жана колдонууда коопсуздук эрежелерин бузуу. Жол кыймылынын коопсуздугунун жана транспорт каражаттарын эксплуатациялоонун эрежелерин бузуу, ошондой эле техникалык бузулуулар жана сапатсыз ремонттолгон автотранспортторду пайдаланууга берүү [3].

Мас абалындагы адамдын автомототранспорт каражатын айдоосуна жол берүү, этиятсыздыктан өзгөчө оор залал келтирген учурда, бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына же 500-дөн 1000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен же аны колдонбостон эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Кыргызстанда 2021-жылдын аягында патрулдук милиция жаңы мыйзам бузуулар жөнүндө кодексте мас абалында унаа айдагандарга жаза күчөтүлгөнүн билдирди.

Алкоголдук ичимдиктерди, баңги каражаттарын, психотроптук жана башка мас кылуучу заттарды мас абалында айдоо – 175 эсептик көрсөткүчтүн өлчөмүндө (17500 сом) айып салууга же отуз сааттан 40 саатка чейин коомдук жумуштарга тартууга жазаланат.

Айдоочулардын мас абалын күбөлөндүрүүдөн (экспертизадан) өтүүдөн баш тарткандары да 17 миң 500 сом айыпка жыгылат. Ошондой эле, мас абалындагы адамга унааны айдаткандарга да – 15 миң сом айып пул салынат.

Эгерде мас абалындагы айдоочу жол кырсыгына кабылса, ага 20 миң сом айып салынат же үч суткага камакка алынат [4].

Транспорт каражатын мамлекеттик каттоонун номердик белгилери же анын бирөөсү жок башкаруу, ага тете мамлекеттик каттоонун номердик белгилерин (белгисин) идентификациялоого тоскоолдук жараткан же болбосо алардын түрүн өзгөртүүгө же жашырууга мүмкүндүк берген түзүлүштөрдү жана материалдарды колдонуу менен мамлекеттик каттоонун номердик белгилери бар транспорт каражатын башкаруу (идентификациялоого тоскоол болгон түзүлүштөрдү жана материалдарды жеринде жоюу учурларынан тышкары), – жеке жактарга 100 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет [4]/

Тарыхта айдоочуну айдоо укугунан ажыратып, кайра мас абалында айдаган учурлар көп болгон. Жазадан ажыратуунун рекорддук мөөнөтү 80 жыл болгон! [5]

Жол кыймылынан башка жактарда да адамдар өз ишине этият мамиле кылбай этиятсыздык менен ар кандай кылмышка жооптуу болуп калышы мүмкүн. Алардын бири магистралдык түтүк өткөргүчтөрүн курууда, эксплуатациялоодо же оңдоодо коопсуздук эрежелерин бузууда этиятсыздыктан оор залал келтирген учурлар кездешет.

Мындай этиятсыздык менен кылмыш жасалган учурда 500дөн 1000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



айып салууга же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Ал эми өрт коопсуздугунун эрежелерин бузуу жана байкабастыктан жасалган экологиялык кылмыштар жасалган учурда: бир жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен 500дөн 1000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга жазаланат.

2. Этиятсыздыктан оор же өзгөчө оор залал келтирген ошол эле жосундар, 1000ден 2000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен же ансыз беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат [2].

3. Кесиптик (кызматтык) кылмыштуу шалаакылык - мамлекеттик сырды камтыган документтерди жоготуу; медициналык ишмердикте эрежелерди бузуу; жардыргыч  заттарды, курал-жарактарды, уулуу заттарды коргоо, компьютерлерди, алардын системаларын же тармактарын иштетүү боюнча милдеттерди туура эмес аткаруу.

Радиоактивдүү материалдарды мыйзамсыз колдонуу Этиятсыздыктан оор же өзгөчө оор залал келтирген учурда 1000ден 2000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат [1].

4. Жарандардын өмүрүн, ден соолугун жана мүлкүн коргоонун элементардык эрежелерин бузуу менен туюнтулган үй-бүлөлүк шалаакылык. Мындай шалаакылыктын кесепетинен адамдар каза болушу, ден соолугуна олуттуу зыян келтирилиши ж.б.у.с.

Ден соолукка оор залал келтирүү этиятсыздыктан адамдын өлүмүнө алып келсе, анын ичинде өзүн-өзү өлтүрүүнүн натыйжасында же болбосо эки же андан көп адамдын өлүмүнө (өзгөчө оор залал) алып келсе;

2) эки же андан көп оордотуучу жагдайлардын жыйындысында жасалса;

3) уюшкан топ тарабынан жасалса;

4) кылмыштуу коомдоштуктун курамында жасалса, сегиз жылдан он эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Адамдар атайы колдонуу максатында сатып алынган же болбосо кызматтан берилген куралды этиятсыздык менен сактоо болгон учурда да мыйзам чегинде жоопко тартылышат:

Атуучу куралды, ошого тете газдуу куралды же травмалык аракеттеги патрондор менен атууга багышталган куралды жеңил ойлуулуктан же этиятсыздыктан талаптагыдай эмес сактоо, ушул куралдарды башка адам тарабынан колдонуу шарттары түзүлсө жана андан этиятсыздыктан оор же өзгөчө залал келтирилсе, бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына же 500дөн 1000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга, же үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен же аны колдонбостон эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Этиятсыздыктан өлүмгө алып келүү КР Кылмыш-жаза кодексинде төмөндөгүчө жазалар каралган:

1. Этиятсыздыктан өлүмгө алып келүү, үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосун:

1) өзүнүн кесиптик милдеттерин аткарып жаткан адам тарабынан;

2) эки же андан көп адамдарга карата, үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө укугунан ажыратуу же ансыз үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Этиятсыздыктан ден соолукка оор залал келтирүү менен этиятсыздыктан адамдын өлүмүнө алып келсе, анын ичинде өзүн-өзү өлтүрүүнүн натыйжасында же болбосо эки же андан көп адамдын өлүмүнө (өзгөчө оор залал) алып келсе, сегиз жылдан он эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат. эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен 200төн 500 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга жазаланат [2].

2. Этиятсыздыктан ден соолугуна оор залал келтирген ошол эле жосун,1000ден 2000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

3. Этиятсыздыктан өзгөчө оор залал келтирген ошол эле жосун, үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен беш жылдан сегиз жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

4. Алкоголду, баңги каражаттарды же башка мас кылуучу заттарды колдонуудан келип чыккан мас абалында жасалган жосундар, үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен сегиз жылдан он жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Эгерде техниканын өсүшү жана татаалдашы аны эксплуатациялоого же ремонттоого тийиш болгон адистерди тийиштүү даярдоо менен коштолбосо, илимий-техникалык революциянын шарттарында этиятсыздык менен кылмыштуулук күчөйт.

Жер казынасын коргоо жана пайдалануу эрежелерин бузуу болгон учурда да жарандар мыйзам алдында жоопко тартылышат.

Этиятсыздыктан оор зыян келтирген тоо-кен казуучу ишканаларды же пайдалуу кендерди казуу менен байланышпаган жер алдындагы курулмаларды долбоорлоодо, жайгаштырууда, курууда, пайдаланууга киргизүүдө жана пайдаланууда жер казынасын коргоо жана пайдалануу эрежелерин атайылап же этиятсыз бузуу, ошого тете пайдалуу кендер жаткан аянтка өзү билип курулма куруу, үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга же бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына, же 1000ден 2000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга, же эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Башында айтып кеткендей этиятсыздык менен жасалган кылмыштардын ичинде жол кыймылынын эрежесин бузуу биринчи орунда турат. Кылмыштардын басымдуу бөлүгүн көбүнчө мурда сот жообуна тартыла элек эркектер тарабынан жасалат. Жол-транспорттук кылмыштардын эң көп санын айдоочулук тажрыйбасы жок жаштар түзөт.

Андыктан ар бирибиз рульга отуруп жатканда, жоопкерчиликти моюнга алып олуттуу мамиле кылсак мындай кырсыктар аз болмок.

**Адабияттар:**


1. Рублев А.. Неосторожная форма вины и ее альтернатива в нарушении правил дорожного движения. Журнал Вестник Казанского юридического института МВД России №2(24) 2016.
2. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси 2021-жылдын 28-октябры № 12.
3. Антонян Ю.М. Проблемы неосторожной преступности. Журнал Вестник Воронежского института МВД России, 2011.
4. Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодекси 2021-жылдын 28-октябры № 128.
5. Лысаков В. Кнут и пряник для водителя. // Полиция России. 2015. № 10.
6. Курбаналиева Б.Э. Юридическая ответственность как вид социальной ответственности. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 9. С. 86-88.
7. Садырбек уулу А. Уголовная ответственность как разновидность юридической ответственности. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2018. №. 12. С.70-71